КЫРГЫЗ ТИЛИ

(окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)

8-класс **№1-вариант**

№1. Аныктооч катышкан сүйлөмдү белгиле.
а) Керез үйгө бараткан экен.
б) Керез азыр эле келет.
в) Керезге апасы кирди.
г) Керездин улуу эжеси бар.

№2. Аныктоочтун суроолорун белгиле.
а) Ким? Эмне? Эмне үчүн?
б) Качан? Качантан бери? Канча?
в) Кандай? Кайсы? Качаңкы?
г) Кимге? Эмнеге? Эмнеликтен?

№3. Аныктоочтун милдетин сан атооч аткарган сүйлөмдү белгиле.
а) Бештин айында катуу суук болгон.
б) Жети-Өгүз району жеңишке жетишти.
в) Сапаты боюнча биринчи орунда турат.
г) Бизге тогуз-булактыктар жете келишти.

№4. Аныктоочтун милдетин зат атооч аткарган сүйлөмдү белгиле.
а) Эрмек сабакка бара жатабы?
б) Беш жашынан бийлей баштаган.
в) Кайсы китептер жарык көрүптүр?
г) Жаздын келишин күтүп жатабыз.

№5. Бышыктоочтун суроолорун белгиле.
а) Кандай? Кайсы?
б) Каякта? Каяктан?
в) Кимдер? Эмнелер?
г) Кантип? Эмне үчүн?

№6. Сыпат бышыктоочту белгиле.
Ашкананы таптаза кылып жыйнап койдум.
а) ашкананы б) таптаза кылып в) жыйнап г) жыйнап койдум

№7. Мезгил бышыктооч катышкан сүйлөмдү белгиле.
а) Болот 9-классты окуган.
б) Болот жакшынакай бала.
в) Болот эртең менен келет.
г) Болот менен чогуу барат.

№8. Бышыктоочтун сөз түркүмүн белгиле.
Мен быйыл он бештемин.
а) тактооч б) сын атооч в) чакчыл г) сан атооч

№9. Орун бышыктооч катышкан сүйлөмдү белгиле.
а) Түнкүсүн күн суук болуп баштады го!
б) Түн менен күн жакында теңелет.
в) Туулган жерден алыс кетким келбейт.
г) Туулган жердин топурагы алтын.

№10. Себеп бышыктооч катышкан сүйлөмдү белгиле.
а) Сабакты себеби жок калтырбагылачы!
б) Сабакта өтүлгөн тема бышыкталды.
в) Сабакка кечиккен себебинди айтчы.
г) Сабакка кечиккен үчүн ал уялып турду.